"Кымбатым" с. А Эшиев о. Н. Болотбеков

Бир өмүрлүк сапар туткан адамым,
Бар санаттуу, сени менен кадамым.
Бул жашоонун жүгүн алып желкеге,
Тең көтөрдүк, жыргалында азабын.

Кайырма:

Өзгөчөмсүң, өзгөдө жок урматым,
Өзүң менин өмүрлөшүм кыйбасым.
Карааныңды кадыр тутуп келемин,
Кагылайын кара каштуу кымбатым.
Кудай колдоп кошкон бактыма,
Багым сенсиң жетип турган баркыма.
Экинчи ирээт кайра келсем жашоого,
Сен дегенден кайтпас элем артыма.